**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**

**СУЗАК РАЙОНУ**
**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН**
**VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ XVI СЕССИЯСЫ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**02-март 2026-жыл** **№5** **Октябрь айылы**

## Багыш айыл аймагынын Жыгач-Коргон айылында жайгашкан № 284-контурунан 0,40 гектар жердин категориясын өзгөртүүгө макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жер Кодексинин” 21-беренесин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренине негиздеп, Багыш айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 24-февралындагы 01-26/449 сандуу “Багыш айыл аймагынын Жыгач-Коргон айылындагы №284-контурундагы Реаблитациялык борбордун түштүк-батыш тарабындагы жерден 0,40 гектар жер аянтына күрөш зал (Социалдык обьект) куруу үчүн “Айыл чарба багытындагы” жайыт жерлери категориясынан “Калктуу конуштар жерлери” категориясына (трансформациялоого) которууга макулдук берүү жөнүндө” кайрылуусун жана Багыш айылдык кеңешинин Агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, курулуш, архитектура жана коммуникациялар боюнча туруктуу комиссиянын протоколдук чечимин угуп жана талкуулап Багыш айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Багыш айыл аймагынын Жыгач-Коргон айылындагы №284-контурундагы Реаблитациялык борбордун түштүк-батыш тарабындагы жерден 0,40 гектар жер аянтына күрөш зал (Социалдык обьект) куруу үчүн “Айыл чарба багытындагы” жайыт жерлери категориясынан “Калктуу конуштар жерлери” категориясына (трансформациялоого) которууга макулдук берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Багыш айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Түгөйбековго милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Багыш айылдык кеңешинин Агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, курулуш, архитектура жана коммуникациялар боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Ж.Сейдахматовго жүктөлсүн.

4.Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыялангандан жана юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлгөндөн тартып өз күчүнө кирет.

**Төрага** **К.М.Кулмамбетов**